Кыргыз Республикасынын
Эсептөө палатасынын Кеңешинин
2024-жылдын 22-августундагы
№01-22/40
токтому менен бекитилди

# 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 3-апрелиндеги №06-1/257 буйругуна ылайык, 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектилери:** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, аймактык башкармалыктары жана саламаттыкты сактоо уюмдары.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (мындан ары – ММК фонду) мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчётто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети жана критерийлери**

ММК фондунун бюджетинин, кошумча төлөмдөрдүн жана атайын каражаттардын аткарылышын төмөндөгү ченемдик документтерде белгиленген критерийлерге ылайык баалоо аудиттин предмети болуп саналат:

• Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

• Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси,

• Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө";

- "Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";

- "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө";

-"Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу";

- "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө";

- "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө";

- "Бухгалтердик эсеп жөнүндө";

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" ж.б.

• Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору:

- 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 "Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө";

- 2023-жылдын 21-сентябрындагы № 493 "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын бекитүү жөнүндө";

-2023-жылдын 4-августундагы №450-т Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемеси;

- 2022-жылдын 1-августу № 436 Кыргыз Республикасынын Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо жөнүндө;

- 2022-жылдын 20-майындагы № 263 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык

камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”,

- 2022-жылдын 30-мартындагы №182 Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө;

- 2021-жылдын 24-декабрындагы № 339 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жөнүндө”;

- 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 192 "Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

- 2019-жылдын 15-мартындагы №119 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;

- 2020-жылдын 10-февралындагы № 74 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” (*КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-майындагы № 254 токтомуна ылайык күчүн жоготкон*);

- 2012-жылдын 11-июнундагы № 389 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы N 287 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялуу (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фондун түзүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;

- 2008-жылдын 26-августундагы № 471 Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө”;

- 2003-жылдын 19-мартындагы № 143 “Менчиктештирүү объекттеринин наркын баалоо боюнча методикалык сунуштарды бекитүү жөнүндө” ж.б.

-Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы № 354 “Эмгек акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө”, 2022-жылдын 11-апрелиндеги № 437 “Эмгекке акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө” (2023-жылдын 10-ноябрындагы № 1325 буйругу менен күчүн жоготкон) буйруктары ж.б.

• Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин 03.09.2021-жылдагы № 1217 “Саламаттыкты сактоо уюмдарынын административдик, башкаруучу жана чарбалык персоналынын штаттык санынын сунушталган типтүү өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө” буйругу;

• Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы № 354 жана 2022-жылдын 11-апрелиндеги № 437 “Сыйлык төлөө боюнча усулдук колдонмону бекитүү жөнүндө” буйруктары;

• Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” буйругу;

- Жана башка укуктук ченемдик актылар.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

ММК фондунун бюджетинин шайкеш аткарылышынын тийиштүү жана жетиштүү далилдерин алуу максатында аудиттин максаттарына жетүү үчүн төмөнкүдөй иштер аткарылды:

- финансылык отчеттуулукту, бухгалтердик жана башка маалыматтарды талдоо;
- Кирешелер жана чыгымдар, анын ичинде персонал жана административдик чыгымдар, бекитилген пландар болжолдоолор жана алардын аткарылышы талданды;
- Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- биринчи кол коюу укугу менен: төрага А.К. Муканов, төраганын орун басары М.Т. Шабданов;

- экинчи кол коюу укугу менен Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук башкармалыгынын администрациялык чыгашалар секторунун башчысы А.Б. Абдрахманова

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында ММК фондунда, аймактык башкармалыктарында жана саламаттыкты сактоо уюмдарында каражаттарды пайдалануу төмөндө баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Эскертүү:**
-төмөндөгүдөй абревиатураларга кыскартылды:
-Улуттук госпиталы-УГ;
-Жалпы дарыгердик практика борбору-ЖДПБ;
-Улуттук онкология жана гематология борбору-УОГБ;
-Улуттук кардиология жана терапия борбору-УКТБ;
-Чүй областтык бириккен ооруканасы-ЧОББ;
-Эне жана баланы коргоо улуттук борбору-ЭБКУБ;

-Клиникалык көп профилдүү бейтапканасы-ККПБ;
-Үй-бүлөлүк медицина борбору- ҮБМБ;
-Темир жол бейтапканасы-ТЖБ.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2022-жылга бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча ММК фондуна 2022-жылдын 30-августундагы № 01-20/83 жазма буйругун жана № 01-20/84 сунуштамасын жөнөткөн.

**Жазма буйруктун** 131 пунктунан 7 пункт аткарылган эмес (11, 14, 15, 18-19, 59, 67 -пункттар), товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча чыгымдары, курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн көтөрмөлөө жана сапар чыгымдарынан негизсиз чыгымдоолор (УГ, Кара-Суу райондук ЖДПБ, УОГБ, УКТБ, ЧОББ, ЭБКУБ, ККПБ №2, Бишкек ш. №10 ҮБМБ);

- 18 пункт жарым-жартылай аткарылган, курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүн көтөрмөлөө жана сапар чыгымдарынан негизсиз чыгымдоолор –11, 18, 19, 23, 28, 31, 42, 44, 47, 52, 57, 60, 62, 65, 66, 75, 76, 121 -пункттар (ТДП№6, Мырзаке ЖДПБ, Жети-Өгүз ЧРДРБ, Ыссык-Көл областтык БО).

Жалпысынан калыбына келтирүүгө тийиш болгон 266200,4 миң сомдун 264337,7 миң сому калыбына келтирилген. Калдыгы 1 862,7 миң сом.

Ал эми, сунуштаманын 91 пунктунан 87 пункт аткарылган – 3-47, 51-57, 59-91 -пункттар;

- 1 пункт (2-пункту -милдеттүү медициналык камсыздандыруунун эрежелери кайра каралып жана тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилсин) аткарылган эмес;

- 3 пункт жарым-жартылай аткарылган - 1, 50, 58 –пункттар (Бишкек ш. №5 ҮБМБ, Бишкек ш. №10 ҮБМБ, Бишкек ш. ТЖБ, Ош обл. ҮБМБ,).

ММК фонду менен саламаттык сактоо уюмдары тарабынан жазма буйруктардын аткарылышы боюнча иш алып барылып, 2023-жылы 264 337,7 миң сом калыбына келтирилген жана каражаттарды өндүрүү үчүн 4 мекеме, анын ичинде: Академик М.Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору -87,8 миң сом, Ыссык-Көл областтык бириккен ооруканасы-186,5 миң сом, Мырзаке айылдык ЖДПБ -101,5 миң сом, Жети-Өгүз чоңдор үчүн республикалык дарылоо реабилитациялык борбору- 254,0 миң сом, жалпы 629,8 сом, укук коргоо органдарына кайрылышкан.

**Сунуштама**

1. Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун жана сунуштаманын толук аткарылышы камсыздалсын:

-Жазма буйруктун аткарылбаган 7 пункту, анын ичинде: 11, 14, 15, 18, 19, 59 жана 67-пункттар;

-жарым-жартылай аткарылган 18 пункту, анын ичинде: 11, 18, 19, 23, 28, 31,42, 44,47,52,57,60, 62, 65, 66, 75, 76 жана 121-пункттар.

- Сунуштаманын аткарылбаган 1 пункту 2-пункт; жарым-жартылай аткарылган 3 пункту, анын ичинде: 1, 50 жана 58-пункттар.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

ММК фонду жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №339 токтому менен бекитилген. Жобого ылайык, ММК фонду жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу тармагындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу органы жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук баш ийүүдөгү бөлүмү болуп саналат.

ММК фондунун максаты - Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу программаларынын алкагында Кыргыз Республикасынын жарандарын сапаттуу медициналык жана профилактикалык жардам менен кепилденген формада камсыз кылуу.

**2023-жылга ММК Фондунун бюджетинин түзүлүшү**

ММК фондунун бюджети Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 12-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик органдардын милдеттерин жана иш-милдеттерин каржылык камсыз кылуу үчүн арналган акча каражаттарынын топтоштурулган фонду.

**Финансылык жана экономикалык көрсөткүчтөр**

2023-жылы ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан 149 саламаттык сактоо уюму менен келишим түзүлгөн, анын ичинде:

- 57 жалпы дарыгерлик практика борборлору (689 Үй-бүлөөлүк дарыгерлер топтору жана 1059 Фельдшердик акушердик пункттар карайт);
- 58 оорукана (10 улуттук борборлору жана 9 (2 бириктирилген жана 7 областык ооруканалар);
- 21 Үй-бүлөөлүк медицина борборлору;
- Бишкек жана Ош шаарларындагы 2 тез жардам борборлору;
- 11 стоматологиялык клиникалары.

2023-жылдын 1-январына карата Дарыканалардын чекене тармагы менен фармацевтикалык ишканалар жана дарыканалар (356 дарыканалар жана 656 дарыкана пункттары) менен 197 дары-дармек менен жеңилдетилген камсыздоо боюнча келишим түзүлгөн.

Мындан сырткары, ММК фонду бешинчи стадиядагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган бейтаптарга гемодиализ кызматын көрсөткөн 37

саламаттыкты сактоо уюму (35 жеке менчик медициналык борборлор жана 2 Ысык-Көл жана Нарын областтык бириккен ооруканалары) менен келишим түзүлгөн.

2023-жылы саламаттыкты сактоо уюмдарында 1 245 926 дарыланып чыккан учурлар катталган, анын ичинде:

- жалпы профилдеги стационарларда жалпы дарыгердик практика борборлорунун стационардык бөлүмдөрүндө – 1 220 843;
- кургак учукка каршы стационарларда – 5 954;
- адистештирилген стационарларда (онкология, психиатрия) –19 129.

Электрондук саламаттык сактоо борборунун маалыматтарына ылайык, 2024-жылдын 1-январына карата абалы боюнча ММК фондунда катталган калктын саны 6 788,8 миң адамды түзгөн, анын ичинен, камсыздандырылгандар 4 826,2 миң адам (71,1%).

2023-жылы 67 165 ММК полиси берилген (салыштырмалуу 2022-жылга карата 9,4 эсеге көп 7132 полис), анын ичинде:

- камсыздандырылбаган жарандарга – 62 070 полис;
- чет өлкөлүк жарандарга – 5 084 полис;
- кайрылмандарга (Кытай кыргыздары) – 9 полис;
- качкындарга – 2 полис;
- кош бойлуу аялдарга – 55 670 полис.

ММК фондунун чыгымдары Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 42-беренесине ылайык:

- базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандырууну каржылоого;
- милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасын каржылоого;
- Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылууну каржылоого;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун жана анын аймактык башкармалыктарынын ишин каржылык жана материалдык-техникалык камсыз кылууга;
- саламаттык сактоо жаатындагы ден соолуктун алдын алуу жана чыңдоо жана башка максаттуу программалар боюнча иш-чараларды каржылоо боюнча саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө;
- бекитилген бюджеттин алкагында максаттуу иш-чараларга каражаттарды багыттоо жолу менен саламаттык сактоо уюмдарынын каржылык туруктуулугуна жана каржылык тобокелдиктерин азайтууга багытталат.

ММК фондунун ар жылдык бюджети Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилет жана анын аткарылышы Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин курамында өзүнчө жүзөгө ашырылат.

**Аныкталды жана Корутунду**

ММК фондунун 2023-жылга бюджети, 2023-жылдын 30-январындагы №17 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, **кирешелер боюнча 28 770,8 млн сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 28 770,8 млн сом** суммасында бекитилген.

2024-жылдын 22-январындагы № 22 “Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ММК фондунун 2023-жылга бюджети кирешелер боюнча **30 085,3 млн сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 30 085,3 млн сом** суммасында такталып, бекитилген параметрлер 1 314,5 млн сомго өзгөртүлгөн, анын ичинде:

- ММК фондунун башка кирешелери 588,0 млн.сомго;
- Расмий трансферттер 136,5 млн. сомго;
- Акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар 515,8 млн. сомго;
- Жылдын башына карата калдык 74,2 млн сомго көбөйгөн.

2022-жылдын такталган бюджетине (24 951,9 млн сом) карата өсүш 5 133,4 млн сомду же 17,1 %ды түзгөн.

*Маалымат катарында:*

**Расмий трансферттер** 136,5 млн. сомго, анын ичинде:

2023-жылга **республикалык бюджеттен** ММК фондуна которулуучу каражаттар 23 252,1 млн сом суммасында бекитилген жана 619,4 млн сомго кыскартылып 22 637,7 млн сом суммасында такталган:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-июнундагы № 361-т тескемесине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин чечимине ылайык, “Кыргызфармация” МИге каражат бөлүүгө карата 800,0 млн сомго чыгашалар азайган;

- иштин сапатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна дем берүү аркылуу калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча каражаттардын жетишсиздигине байланыштуу республикалык бюджеттен которулуучу каражаттар 389,3 млн сомго азайтылган;

- саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын этабы менен жогорулатуунун алкагында үнөмдөөгө байланыштуу республикалык бюджеттен каралган каражаттар 27,8 млн сомго азайтылган

(Программанын натыйжага багытталган иш-чаралары);

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-майындагы № 227-т тескемесин аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборуна магниттик-резонанстык томографиянын кызматтарын көрсөтүү үчүн корпус курууга, жабдууга, оңдоо иштерин жүргүзүүгө жана медициналык жабдууларды сатып алууга 152,0 млн сом;

- иштин сапатынын максаттуу көрсөткүчтөрүнө жетишүү үчүн үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна дем берүү аркылуу калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу каражаттары боюнча 2022-жылдын аягына карата калдыктардын эсебинен 197,2 миң сом (Программанын натыйжага багытталган иш-чаралары);

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 6-апрелиндеги №199 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрынан №192 “2021–2025-жылдарга карата электр энергиясына Кыргыз Республикасынын орто мөөнөттүү тарифтик саясатын бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомун аткаруу үчүн 122,4 млн сом;

- Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдары үчүн генераторлорду сатып алууга 10,5 млн сом;

- Чүй областтык бириккен ооруканасына лифт сатып алууга жана орнотууга 3,0 млн сом;

- Ош шаардык клиникалык ооруканасына корпус куруу жана жогорку технологиялуу медициналык жабдууларды орнотуу үчүн 58,0 млн сом;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук хирургиялык борбордун имаратынын боор хирургиясы жана порталдык гипертензия адистештирилген бөлүмүн капиталдык оңдоого 5,0 млн сом;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын имаратына лифт сатып алууга жана орнотууга 3,5 млн сом;

- Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илим-изилдөө институтунун имаратын капиталдык оңдоого 10,0 млн сом;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук хирургия борборунун имаратынын чатырын капиталдык оңдоого жана алмаштырууга 10,0 млн сом;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-ноябрындагы № 593 “Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын эмгек акысын жогорулатуу жөнүндө” токтомун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын сот-укуктук реформасын ишке ашыруунун алкагында күзөт бөлүмдөрүн күтүүгө Таш-Көмүр шаарындагы “Кызыл-Жар” республикалык психиатриялык ооруканасына 10,9 млн сом;

- Ноокат райондук аймактык ооруканасына тазалоочу курулмаларды курууга 14,0 млн сом;

-Эне жана баланы коргоо улуттук борборуна бет-жаак хирургиясы бөлүмү үчүн медициналык жабдууларды, хирургиялык аспаптарды жана анестезиологиялык препараттарды сатып алууга 1,3 млн сом бөлүнгөн.

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024–2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу **Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун** (мындан ары-Социалдык фонд) **бюджетинен каражаттар** 2023-жылга 3 910,1 млн сом суммасында бекитилген, 791,4 млн сомго өзгөртүүлөрдү киргизүү менен 4 701,5 млн сом суммасында такталган.

• **Эл аралык уюмдардан түшүүчү трансферттер** 2023-жылга 64,4 млн сом суммасында бекитилген, 35,5 млн сомго кыскартылып 28,9 млн сом суммасында такталган.

• **Акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшүүчү каражаттар** 1237,8 млн сом суммасында бекитилген, 515,8 млн сомго өзгөртүүлөрдү киргизүү менен 1 752,8 млн сом суммасында такталган.

• **Жылдын башына карата калдык** жалпысынан 74,2 млн сомго көбөйтүлүп 369,3 млн сом суммасында такталган.

**ММК фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы**

Аудит жүргүзүү учурунда ММК фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алына электигинен (“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу ММК фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу” Мыйзам долбоорунун маалыматтары пайдаланылды).

**ММК фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы**

(миң сом)

| Аталышы | Бекитилген бюджет (2023) | Такталган бюджет (2023) | Четтөө 3-2 | 2023-жылга аткарылышы | Четтөө 5-3 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| **Жыл башына карата калдыкты эске алуу менен кирешелер** | **28 770 780,8** | **30 085 309,4** | **1 314 528,6** | **29 550 702,0** | **-534 607,4** |
| Анан ичинен: | | | | | |
| **Башка кирешелер** | **12 000,0** | **600 000,0** | **588 000,0** | **167 175,0** | **-432 825,0** |
| **Алынган расмий трансферттер** | **27 226 608,2** | **27 363 162,9** | **136 554,7** | **27 353 688,5** | **-9 474,4** |
| Эл аралык уюмдардан алынган трансферттер | 64 400,0 | 28 909,9 | **-35 490,1** | 19 435,5 | **-9 474,4** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан алынган каражаттар | 23 252 094,2 | 22 632 728,3 | **-619 365,9** | 22 632 728,3 | **0,0** |
| Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | 3 910 114,0 | 4 701 524,7 | **791 410,7** | 4 701 524,7 | **0,0** |
| **Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар** | **1 237 042,8** | **1 752 800,4** | **515 757,6** | **1 660 492,4** | **-92 308,0** |
| а.и. кошумча төлөм каражаттары | 582 965,2 | 787 417,8 | **204 452,6** | 723 815,9 | **-63 601,9** |
| Жыл башына карата калдык | 295 129,8 | 369 346,1 | **74 216,3** | 369 346,1 | **0,0** |
| **Бардык чыгашалар:** | **28 770 780,8** | **30 085 309,4** | **1 314 528,6** | **29 550 702,0** | **-534 607,4** |
| Эмгек акы | 179 145,4 | 177 610,7 | **-1 534,7** | 175 993,9 | **-1 616,8** |
| Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 26 680,9 | 26 040,6 | **-640,3** | 24 962,5 | **-1 078,1** |
| Кызматтык сапарларга чыгашалар | 9 010,3 | 7 532,8 | **-1 477,5** | 7 071,6 | **-461,2** |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 2 690,4 | 1 699,7 | **-990,7** | 1 474,0 | **-225,7** |
| Ижара акысы | 7 101,0 | 10 182,7 | **3 081,7** | 10 163,0 | **-19,7** |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 5 193,4 | 3 811,4 | **-1 382,0** | 3 631,7 | **-179,7** |
| Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 11 686,6 | 7 945,7 | **-3 740,9** | 6 147,1 | **-1 798,6** |
| Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү берене менен берилген чыгашалар | 28 485 630,8 | 29 818 942,5 | **1 333 311,7** | 28 098 536,5 | **-1 720 406,0** |
| Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар | 3 782,6 | 3 080,7 | **-701,9** | 2 711,4 | **-369,3** |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 5 074,8 | 4 099,8 | **-975,0** | 3 637,0 | **-462,8** |
| Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 160,0 | 160,0 | **0,0** | 141,8 | **-18,2** |
| Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө чыгашалар | 2 016,0 | 2 708,0 | **692,0** | 2 196,4 | **-511,6** |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 384,7 | 1 240,2 | **-144,5** | 1 227,7 | **-12,5** |
| Имараттар жана курулмалар | 700,0 | 599,1 | **-100,9** | 599,0 | **-0,1** |
| Машиналар жана жабдуулар | 20 645,0 | 14 160,5 | **-6 484,5** | 8 633,3 | **-5 527,2** |
| Башка негизги фонддор | 9 878,9 | 5 495,0 | **-4 383,9** | 5 495,0 | **0,0** |
| Жыл аягына карата каражаттардын калдыгы | | | | **1 198 080,1** | **1 198 080,1** |

**-ММК Фондунун 2023-жылга бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы** (миң сом)

| Аталышы | 2022-жылга отчет | 2023-жылга бекитилген бюджет | 2023-жылга такталган бюджет бюджет | 2023-жылга аткарылышы | Четтөө 5-2 топтор | Аткаруу % (5:4) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан алынган каражаттар | 19 246 729,6 | 23 252 094,2 | 22 632 728,3 | 22 632 728,3 | 3 385 998,7 | 100,0 |
| Социалдык фонддун бюджетинен алынган каражаттар | 3 541 558,0 | 3 910 114,0 | 4 701 524,7 | 4 701 524,7 | 1 159 966,7 | 100,0 |
| Башка кирешелер | 33 306,9 | 12 000,0 | 600 000,0 | 167 175,0 | 133 868,1 | 27,9 |
| Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар | 1 328 799,8 | 1 237 042,8 | 1 752 800,4 | 1 660 492,4 | 331 692,6 | 94,7 |
| Жыл башына карата калдык | 271 074,3 | 295 129,8 | 369 346,1 | 369 346,1 | 98 271,8 | 100,0 |
| Эл аралык уюмдардан алынган трансферттер | 101 733,5 | 64 400,0 | 28 909,9 | 19 435,5 | -82 298,0 | 67,2 |
| **Бардыгы** | **24 523 202,1** | **28 770 780,8** | **30 085 309,4** | **29 550 702,0** | **5 027 499,9** | **98,2** |

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, ММК фондунун 2023-жылга карата бюджетинин киреше бөлүгү 29 550,7 млн. сомго же 98,2 %га аткарылган. 2022-жылга (24 523,2 млн сом) салыштырмалуу кирешелердин келип түшүүсү 20,5 %га, же 5 027,5 млн. сомго көбөйгөн. ИДП көлөмүндө кирешелердин салыштырма салмагы 2,39 %ды түзгөн.

Ошону менен бирге, ММК фондунун бюджетине Республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 22 632,7 млн сомго, Социалдык фонддун бюджетинен алынуучу каражаттар 4701,5 млн.сомго 100% га каржыланган.

Мында базалык мамлекеттик медициналык камсыздандырууну ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттардын салыштырма салмагы 76,6 %ды, ал эми милдеттүү медициналык камсыздандыруу үчүн арналган Социалдык фонддун бюджетинен берилүүчү каражаттардын салыштырма салмагы 15,9 %ды түзгөн.

ММК фондунун башка кирешелери 600,0 млн сомго (588,0 млн сомго өзгөртүүлөр киргизилген) көбөйтүлгөнү менен, аткаруу 167,2 млн.сомду же 27,9 % түзгөн.

Акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар 92,3 млн. сомго (кошумча төлөмдөрдөн түшкөн каражаттар 63,6 млн. сом) кыскарып 1660,5 млн. сомго 94,7% га аткарылган.

Эл аралык уюмдардан алынган трансферттер 19,4 млн. сомго 67,1 %га аткарылган, анын ичинен:

– Дүйнөлүк банктын долбоору боюнча стационардык кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо объекттерин ондоо боюнча иш-чараларды каржылоого 11,5 млн сом;

– "Ден соолук кербени" долбоору боюнча айыл жана баруга кыйын аймактардын калкынын арасында оорулардын алдын алууну жана аныктоону жакшыртуу иш-чараларын каржылоого республикалык бюджеттен 7,9 млн сом бөлүнгөн.

Иш жүзүндө ММК фондунун 2023-жылга бюджетинин аткарылышынын жыйынтыктары боюнча жылдын башына карата каражаттардын калдыгы 369,4 млн сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-июнундагы № 357-т тескемесинин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 2023-жылдын 26-июнундагы чечиминин негизинде ММК фондунун бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү 2023-жылдын башына карата саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарынын эсебинен 224,2 млн сомго көбөйтүлгөн, ошондой эле ММК фондунун топтоо эсебиндеги калдыктардын эсебинен жалпысынан 74,2 млн сомго көбөйтүлгөн.

**Аныкталды жана Корутунду**

ММК фонду тарабынан бюджетке киргизилген мыйзамдык өзгөртүүлөр толук аткарылышына жетишсиз иш алып барылган. 2023-жылга ММК Фондунун бюджетинин такталган кирешелери 30 085,4 млн. сом, иш жүзүндө аткарылышы 29 550,7 млн. сомду түзүп 534,7 млн. сомго аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Отчеттук мезгил үчүн ММК Фондунун бюджетинин киреше бөлүгүнүн бекитилген жана такталган көрсөткүчтөрүн тиешелүү деңгээлде аткарылышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркы жөнүндө" 2023-жылдын 22-февралындагы №177 Буйругу менен Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 1722 сом, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн 16391 сом бекитилген.

Кыргыз Республикасынын милдеттүү медициналык камсыздандырууда камсыздандырылбаган жарандарынын саны 1 962,6 миң адамды түзөт. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин сатып алышса, милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркын 1722 сом өлчөмүндө эсептөөнүн негизинде (Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 1 календардык жылга) ММК Фондуна эсептешүү боюнча кошумча 3 378,9 млн сом киреше түшмөк.

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча Кыргызстандын жогорку окуу жайларында 2022-2023-окуу жылынын башталышына карата 71,7 миң чет өлкөлүк студент билим алат, анын ичинен: 46,3 миңден ашуун адам Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) өлкөлөрүнүн жарандары.

- Казахстан — 3 179;
- Россия — 1 916;
- Таджикистан — 876;
- Туркменистан — 64;
- Индия — 15 306;
- Узбекистан — 40 282;
- Пакистан — 8 407;
- Турция — 467;
- Китай — 399;
- Афганистан — 347;
- другие страны — 431.

Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, чет элдик студенттердин саны болгону 31 129. Учурда республика боюнча 56 жогорку окуу жайлары бар, алардын ичинен 50 жогорку окуу жайы менен келишим түзүлгөн. 5 жогорку окуу жайы жана 1 орто окуу жайы менен келишим түзүлө элек, анын ичинде:

- Бишкек шаарындагы Кыргыз-Казак университети;
- Чүй областындагы Борбордук Азиядагы Эл аралык университети;
- Нарын областындагы Борбордук Азия Университети;
- Ош областындагы Россия мамлекеттик социалдык университети (филиалдары);
- Жалал-Абад областында – К.Ш. Токтомаматов атындагы коммерциялык университети;
- Жалал-Абад шаарындагы медициналык колледжи.

Кыргыз Республикасынын окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик студенттердин саны 31 129 адам, анын ичинде сырттан окугандары да бар, 2023-жылы 7 869 чет элдик студенттерге ММК полистери сатылган, камсыздандырылбагандардын саны 23260 адамды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-августундагы №450-т тескемеси менен бекитилген “2023-2024-жылдарга милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасын өркүндөтүү боюнча Жол картасынын” 1-пункту менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерди ММКга камтуу боюнча чара аныкталган жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы №2146/1 “Ченемдик укуктук актыны аткаруу жөнүндө буйругунун негизинде Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто окуу жайларынын жетекчилерине Кыргыз Республикасынын окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик студенттерди милдеттүү медициналык камсыздандыруу жүктөлгөн.

Бул категориядагы адамдар милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин сатып алган учурда, ММК Фондуна кошумча пландалган кирешенин көлөмү 381,3 млн. сомду түзмөк (Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандар жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуган

адамдар үчүн 1 календарлык жыл үчүн 16391 сом өлчөмүндө милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркынын эсебинин негизинде).

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы “Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелерин бекитүү жөнүндө” № 597 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарында окуган чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана чет өлкөлүк адамдар ММК боюнча камсыздандыруу статусун алууга милдеттүү.

2023-жылы болгону 67 165 ММК полиси сатылган (салыштырмалуу 2022-жылга карата 9,4 эсеге көп 7132 полис), анын ичинде:

- камсыздандырылбаган жарандарга – 62 070 полис 115,6 млн. сомго;
- чет өлкөлүк жарандарга – 5 084 полис 45,1 млн. сомго;
- кайрылмандарга (Кытай кыргыздары) – 9 полис;
- качкындарга – 2 полис;
- кош бойлуу аялдарга – 55 670 полис (акысыз негизде).

Жалпысынан 2023-жылы ММК полисин сатуудан 160,7 млн. сом түшкөн.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасында милдеттүү медициналык камсыздандыруунун болушу жана республиканын жарандарын милдеттүү медициналык камсыздандыруунун оптималдуу камтылышы принцибине жетишүү максатында, Кыргыз Республикасында жарандарды өзгөчө учурларда, үй-бүлөлүк дарыгерге каттоо (приписки), ошондой эле, милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча медициналык камсыздандыруусу жок адамга медициналык жана башка кызматтарды көрсөтүү жана дары-дармек менен камсыздоодо, милдеттүү медициналык камсыздандыруу статусунун сөзсүз түрдө болушу камсыздалсын.

2. Кыргыз Республикасынын окуу жайларында окуган жана иштеген чет элдиктердин, ММК фонду менен түзүлгөн келишим боюнча иштеген саламаттык сактоо уюмдарында ММК алкагында медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн калкка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо үчүн натыйжалуу маалыматттык иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы №2146/1 “Ченемдик укуктук актыны аткаруу жөнүндө буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик студенттерди милдеттүү медициналык камсыздандырбаган Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто окуу жайларынын жетекчилеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча**

“Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдарга пландык мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренеси менен 2023-жылдын башына жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмү 325,8 млн сом өлчөмүндө белгиленген.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмү 369,3 млн сом өлчөмүндө такталган, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн келип түшүүлөрү көбөйгөндүгүнө байланыштуу, б.а. бекитилген пландан 43,5 млн сомго көп.

2023-жылы чыгымдоо жүргүзүлгөн эмес.

**- ММК Фондунун 2023-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

(миң сом)

| коду | | 2023-жылга бекитилген бюджет | 2023-жылдын такталган бюджети | Четтөө 4-3 топ | 2023-жылдын фактысы | Четтөө 6-4 топ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| **36110** | **ММКФ (аппарат)** | **94 536,9** | **80 870,4** | **-13 666,5** | **78 835,0** | -2 035,4 |
| 2111 | Эмгек акы | 62 614,5 | 59 790,0 | -2 824,5 | 59 434,9 | -355,1 |
| 2121 | Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 9 300,0 | 8 919,6 | -380,4 | 8 186,2 | -733,4 |
| 2211 | Кызматтык иш сапарларга чыгашалар | 3 000,0 | 2 122,4 | -877,6 | 1 788,7 | -333,7 |
| 2212 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 700,0 | 415,4 | -284,6 | 405,7 | -9,7 |
| 2213 | Ижара акысы | 4 500,0 | 6 680,1 | 2 180,1 | 6 660,4 | -19,7 |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 1 578,0 | 1 267,7 | -310,3 | 1 173,3 | -94,4 |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 940,5 | 367,0 | -573,5 | 231,5 | -135,5 |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгашалар | 100,0 | 180,0 | 80,0 | | -180,0 |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 1 230,4 | 934,4 | -296,0 | 890,5 | -43,9 |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 10 573,5 | 193,8 | -10 379,7 | 63,8 | -130,0 |
| **36121** | **ММКФ, ведомстволук мекемелер** | **160 463,1** | **159 398,9** | **-1 064,2** | **156 361,4** | **-3 037,5** |
| 2111 | Эмгек акы | 116 530,9 | 117 820,7 | 1 289,8 | 116 559,0 | -1 261,7 |
| 2121 | Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 17 380,9 | 17 121,0 | -259,9 | 16 776,4 | -344,6 |
| 2211 | Кызматтык иш сапарларга чыгашалар | 6 010,3 | 5 410,3 | -600,0 | 5 283,0 | -127,3 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2212 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 1 028,1 | 490,1 | -538,0 | 392,7 | -97,4 |
| 2213 | Ижара акысы | 2 601,0 | 3 502,6 | 901,6 | 3 502,6 | 0,0 |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 3 615,4 | 2 543,7 | -1 071,7 | 2 458,4 | -85,3 |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 2 844,8 | 2 163,0 | -681,8 | 1 627,0 | -536,0 |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгашалар | 2 830,0 | 2 484,0 | -346,0 | 2 390,5 | -93,5 |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 2 916,5 | 2 598,5 | -318,0 | 2 320,0 | -278,5 |
| 2224 | Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 160,0 | 160,0 | 0,0 | 141,8 | -18,2 |
| 2226 | Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө чыгашалар | 16,0 | 8,0 | -8,0 | 7,0 | -1,0 |
| 2231 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 384,7 | 1 240,2 | -144,5 | 1 227,7 | -12,5 |
| 3111 | Имараттар жана курулмалар | 700,0 | 599,1 | -100,9 | 599,0 | -0,1 |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 2 444,5 | 3 257,7 | 813,2 | 3 076,3 | -181,4 |
| | **Бардыгы ММКФ** | **255 000,0** | **240 269,3** | **-14 730,7** | **235 196,4** | **-5 072,9** |
| 36131 | **ММКФ, Бирдиктүү толоочу (эпидемия менен күрөшүү боюнча иш-чаралар)** | 42 000,0 | 21 023,7 | -20 976,3 | 11 549,5 | -9 474,2 |
| 36141 | **ММКФ, Бирдиктүү төлөөчү** | 25 300 217,8 | 26 759 846,4 | 1 459 628,6 | 25 440 756,7 | -1 319 089,7 |
| 36210 | **ММКФ (мампрогр., иш-чаралар, төлөмдөр)** | 2 767 510,1 | 2 646 255,7 | -121 254,4 | 2 646 230,2 | -25,5 |
| 36220 | **ММКФ(тех.жабдууну жакшыртуу)** | 50 000,0 | | | | |
| 36230 | **ММКФ (маалыматтык камсыздоо ж.б.) ведомстволук мекемелер** | 30 000,0 | 25 947,5 | -4 052,5 | 18 761,7 | -7 185,8 |
| 36240 | **ММКФ (полистерди жана рецептерди даярдоо)** | 150,0 | 150,0 | 0,0 | 127,4 | -22,6 |
| 36310 | **ММКФ (камсыздандыруу кору)** | 391 816,8 | 391 816,8 | 0,0 | | -391 816,8 |
| 2 111 | Эмгек акы | 177 610,7 | 177 610,7 | 0,0 | 175 993,9 | -1 616,8 |
| 2 121 | Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр | 26 040,6 | 26 040,6 | 0,0 | 24 962,5 | -1 078,1 |
| 2 211 | Кызматтык иш сапарларга чыгашалар | 7 532,8 | 7 532,8 | 0,0 | 7 071,6 | -461,2 |
| 2 212 | Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 1 699,7 | 1 699,7 | 0,0 | 1 474,0 | -225,7 |
| 2 213 | Ижара акысы | 10 182,7 | 10 182,7 | 0,0 | 10 163,0 | -19,7 |
| 2 214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 3 811,4 | 3 811,4 | 0,0 | 3 631,7 | -179,7 |
| 2 215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 7 795,7 | 7 795,7 | 0,0 | 6 147,1 | -1 648,6 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 216 | Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү беренелер менен берилген чыгашалар | 29 819 092,5 | 29 819 092,5 | 0,0 | 28 098 536,5 | -1 720 556,0 |
| 2 221 | Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгашалар | 3 080,7 | 3 080,7 | 0,0 | 2 711,4 | -369,3 |
| 2 222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 4 099,8 | 4 099,8 | 0,0 | 3 637,0 | -462,8 |
| 2 224 | Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 160,0 | 160,0 | 0,0 | 141,8 | -18,2 |
| 2 226 | Банктардын кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө чыгашалар | 2 708,0 | 2 708,0 | 0,0 | 2 196,4 | -511,6 |
| 2 231 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 240,2 | 1 240,2 | 0,0 | 1 227,7 | -12,5 |
| | **Жалпы операциялык чыгашалар:** | **30 065 054,8** | **30 065 054,8** | **0,0** | **28 337 894,6** | **-1 727 160,2** |
| 3 111 | Имараттар жана курулмалар | 599,1 | 599,1 | 0,0 | 599,0 | -0,1 |
| 3 112 | Машиналар жана жабдуулар | 14 160,5 | 14 160,5 | 0,0 | 8 633,3 | -5 527,2 |
| 3 113 | Башка негизги фонддор | 5 495,0 | 5 495,0 | 0,0 | 5 495,0 | 0,0 |
| | **Жалпы финансылык эмес активдер:** | **20 254,6** | **20 254,6** | **0,0** | **14 727,3** | **-5 527,3** |
| | **Бардык чыгашалар:** | **30 085 309,4** | **30 085 309,4** | **0,0** | **28 352 621,9** | **-1 732 687,5** |

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, ММК фондунун 2023-жылга карата бюджетинин чыгаша бөлүгү 28 352,6 млн сомго же 94,2 %га аткарылган. 2022-жылга (23 929,6 млн сом) салыштырмалуу чыгашалары 4423,0 млн. сомго же 18,5 %га көбөйгөн. ИДПга карата МКК фондунун бюджетинин чыгашаларынын жалпы көлөмү 2,31 %ды түзгөн.

ММК фондунун бюджетинин каражаттарынын жалпы чыгымдарынын салыштырмалуу салмагы жалпы профилдеги ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө 20,8 % же 5 894,5 млн сом, баштапкы медициналык-санитардык жардамга – 50,9 % же 14 440,0 млн сом, адистештирилген ооруканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө 9,6 % же 2 715,7 млн сом, ооруканалардын жана балдар үчүн реабилитациялык борборлордун кызмат көрсөтүүлөрүнө 4,6 % же 1 315,8 млн сом туура келет.

**Аныкталды жана Корутунду:**

ММК фонду тарабынан бюджетке киргизилген мыйзамдык өзгөртүүлөр толук аткарылышына жетишсиз иш алып барылган. 2023-жылга ММК Фондунун бюджетинин такталган чыгымдары 30 085,4 млн. сом, иш жүзүндө аткарылышы 28352,6 млн. сомду түзүп 1732,6 млн. сомго аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Отчеттук мезгил үчүн ММК Фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген жана такталган көрсөткүчтөрүн тиешелүү деңгээлде аткарылышы камсыз кылынсын.

## Маалымат катарында:

**Программалык негиздеги бюджетиниин аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.08.2022-жылдагы № 436 “Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баа берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, ММК фонду тарабынан 2024-жылдын 19-мартындагы № 09-2/666 каты менен 2023-жылга бюджеттик программалардын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүнө жетишүү жөнүндө отчет жөнөтүлгөн.

**Бюджеттик чыгымдар программасы**

ММК фондунун бюджеттик чыгымдарынын орто мөөнөттүү стратегиясы 4 программаны камтыйт:

1. Башкаруу жана администрациялоо;

Программанын максаттары: Бирдиктүү төлөөчү катары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун институттук жактан күчтөндүрүү. Башка программаларды ишке ашырууга координациялык жана уюштуруучулук таасир этүү.

2. Баштапкы медициналык-санитардык жардамдын кызмат көрсөтүүлөрү;

Программанын максаттары: баштапкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде ооруларды эрте аныктоо жана диагностикалоо, медициналык жана профилактикалык жардам берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

3. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөр;

Программанын максаты: Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында стационардык деңгээлде кепилденген медициналык жардам берүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу.

4. Мамлекеттик кепилдиктер программасынын (мындан ары – МКП) көлөмүнөн ашыкча калкка берилүүчү медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо.

Программанын максаттары: менчигинин түрүнө карабастан саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кеңири спектрдеги кызмат көрсөтүүлөрдү берүү аркылуу жарандардын канааттануу деңгээлин жогорулатуу.

**ММК фондунун 2023-жылга бюджетинин программалык негизде аткарылышы**

**Программа 1. Башкаруу жана администрациялоо**

Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен максималдуу камтуу жана ММК фонду тарабынан милдеттүү медициналык системаны өнүктүрүү максатында "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө "Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Кыргыз Республикасында жарандарды ММК боюнча камсыздандыруунун артыкчылыктуу деңгээлине жетишилген. ММК боюнча камсыздандырылгандар 4 826,2 миң жаран же 71,1% түзгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 1 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору «Калкты милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтуу» 71% ды, такталган индикатор 71% ды түзгөн же 100% га аткарылган. 2022-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 100% га аткарылган.

**Программа 2. Баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү (**мындан ары-БМСЖ)

2 Программа 11 индикаторду камтыйт.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Башка программалар боюнча жалпы чыгымдарда БМСЖга чыгымдардын үлүшү” 40% ды, такталган индикатор 42% ды түзгөн же 95% га аткарылган. 2022-жылга салыштырмалуу бул индикатор 35% түзүп 15 % га өскөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “1 тургунга БМСЖ дарыгерлерине баруулардын саны” 1,6 түзгөн, такталган индикатор 2,5 түзүп же 64% га аткарылбаган. 2022-жылга салыштырмалуу бул индикатор 3 түзүп же 54 % га төмөндөгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Пациенттин канааттануу деңгээли (баалоо картасы боюнча)” жана такталган индикатор 82%ды түзгөн же 100% га аткарылган. 2022-жылга салыштырмалуу бул индикатор 79%ды түзүп же 4 % га өскөн.

**Программа 3. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан стационардык деңгээлде кызмат көрсөтүү**

2 Программа 11 индикаторду камтыйт.

31.12.2023-жылга карата ММК фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан 54 стационар, анын ичинде 10 Улуттук борбор жана 9 облустук ооруkana жана 57 жалпы дарыгердик практика борборлору менен келишим түзүлгөн. Кургак учукка каршы стационардык жардамды 15 уюм көрсөтөт. Республиканын кургак учукка каршы стационарларында “Дарыланган учур” маалымат базасына ылайык 2023-жылы 5557 учур дарыланган. Баалоо картасынын сапатын баалоочу программа жок. Кагаз түрүндө баалоо жүргүзүү ММК фондунун АБ адистеринин убактысын көбөйтөт жана ишинин натыйжалуулугун азайтат. Сапатты баалоону жүргүзүүнү өркүндөтүү максатында техникалык тапшырманы жана “Баалоо картасы” программалык камсыздоосун иштеп чыгуу зарыл. Атайын каражаттар боюнча түшүүлөр 550 399,6 миң сомду түзгөн. 2022-жылга салыштырмалуу 165 819,0 миң сомго көбөйгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 2 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “Канааттануу деңгээли (эсептөө картасы боюнча)” 83% ды, такталган индикатор 82 % ды түзгөн же 101% га ашык аткарылган. 2022-жылга салыштырмалуу бул индикатор 84% түзүп же 1 % га төмөндөгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 3 Бюджеттик программанын натыйжалуулук индикатору “100 миң калкка ооруканага жаткыруу деңгээли” 13% ды, такталган индикатор 13,4% ды же 97% га аткарылган. 2022-жылга салыштырмалуу бул индикатор 13%ды түзүп же 100 % га аткарылган.

**Программа 4. Калкка мамлекеттик кепилдиктер программасынын көлөмүнөн тышкары көрсөтүлүүчү медициналык жана башка кызматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.** 4 Программа 3 индикаторду камтыйт.

ММК фонду 38 саламаттык сактоо уюмунда, анын ичинде 35 жеке менчик медициналык борбордо жана 3 мамлекеттик ооруканада (Ысык-Көл, Нарын жана Талас областтык бириккен ооруканалары) бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооруган бейтаптар үчүн гемодиализдин бюджеттик программасын каржылоону камсыздайт.

Республикалык бюджеттен гемодиализ кызматын каржылоодо өсүш бар, гемодиализ кызматын каржылоо 2020-жылы 897,1 млн сом, 317,1  млн сомго көбөйгөн. (35,3%), 2021-жылы 274,0 млн сомго (23,4%) көбөйүү менен 1171,1 млн. сом, 2022-жылы - 228,2 млн сомго (16,3 %) өсүү менен 1399,3 млн сом, 2023-жылы – 838,7 млн сомго (16,3 %) өсүү менен 2 238,0 млн сом.

2023-жылдагы “Гемодиализ” маалыматтар базасынын реестринде өнөкөт бөйрөк жетишсиздигинин 5-стадиясындагы 2 604 оорулуу бар. 2023-жылы гемодиализдин 356,4 миң сеансы берилген. Жалпысынан 2023-жылы гемодиализ кызмат көрсөтүүлөрү 2 238,0 млн сом суммада каржыланган.

***Областтар боюнча гемодиализ кызмат көрсөтүүлөрүн берүү боюнча маалымат – тиркемеде.***

**Саламаттык сактоо уюмдарын материалдык-техникалык жабдууну колдоого жана өнүктүрүүгө каражаттар**

Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына кошумча финансылык колдоо көрсөтүү максатында, “Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө”, “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, ошондой эле Саламаттык сактоо жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча байкоочу кеңештин 2023-жылдын 20-июнундагы чечимине ылайык, 2023-жылга жалпы 49,9 млн сомго медициналык жабдууларды сатып алуу боюнча саламаттык сактоо уюмдарынын тизмеги бекитилген. 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча бул каражаттарды өздөштүрүү 44,8 млн сомду же 89,8 %ды түзгөн.

Аткарылбаган пландык көрсөткүчтөрдүн негизги үлүшү төмөндөгү саламаттык сактоо уюмдарынын эсебинен түзүлгөн:

– Токмок шаарынын ЖДПБга лапароскопиялык жана артроскопиялык системаны берүүгө 8,0 млн сом бөлүнгөн, бирок келишим 7,3 млн сом суммага түзүлгөн;

– Баткен областтык бириккен ооруканасына озон стерилизаторун сатып алууга 4,5 млн сом бөлүнгөн, бирок келишим 2,0 млн сомго түзүлгөн;

– Тоң райондук ЖДПБга өпкөнүн жасалма дем алдыруу аппаратын (ИВЛ) берүүгө 1,7 млн сом бөлүнгөн, бирок келишим 1,2 млн сом суммага түзүлгөн;

– Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасына вертикалдуу буу стерилизаторун берүү үчүн 7,0 млн сом бөлүнгөн, бирок келишим 5,6 млн сомго түзүлгөн.

**ММКнын кошумча программасы жана Амбулатордук деңгээлде мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо**

Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо боюнча 2023-жылы фармацевтикалык фирмалар жана 240 дарыкана, 751 дарыкана пункттарынан турган чекене соода тармактары болгон дарыкана мекемелери менен 175 келишим түзүлгөн (2024-жылдын 1-январына карата абал боюнча).

2023-жылы ҮМБ/ЖДПБ дарыгерлери тарабынан 1 740,9 миң жеңилдетилген рецепт жазылган, анын ичинде:

- республиканын камсыздандырылган калкын ММК боюнча жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоого 1 636,4 миң рецепт жазылган. Камсыздандырылган жарандардын негизги категориясы боюнча рецепттердин максималдуу саны пенсионерлерге – 494,2 миң рецепт (28 %), иштегендерге жана жеке ишкерлерге – 350,8 миң рецепт (20 %), фермерлерге – 207,4 миң рецепт (12 %), балдарга жана студенттерге – 128,2 миң рецепт (7 %), социалдык жөлөкпул алгандарга – 138,7 миң рецепт (8 %), кош бойлуулугу боюнча эсепке турган аялдарга – 278,0 миң рецепт (17 %);

- Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча республиканын калкынын жеңилдетилген дары-дармекти алуусун камсыздоого (терминалдык стадиядагы онкологиялык оорулуулар; параноялык шизофрения жана өнөкөт адашуу бузулуулары менен ооругандар; ар кандай генездеги аффективдик бузулуулар; эпилепсия; бронхиалдык астма менен ооругандар) 104,5 миң рецепт. Оорулуулардын жеңилдетилген категориясы боюнча бронхиалдык астма менен ооругандарга – 30,4 миң рецепт (29 %), эпилепсия менен ооругандарга – 36,6 миң рецепт (35 %), психикалык бузулуунун 2 түрү менен ооругандарга – 23,3 миң рецепт (22 %) жана онкологиялык оорулууларга – 14,2 миң рецепт (14 %) берилген.

Тактaлган бюджет боюнча бейтаптардын камсыздандырылган категориясын камсыздоо үчүн пландалган сумманын көлөмү 390,1 млн сом жана дарыканаларга кайтаруунун каржыланган суммасы 390,1 млн сом болгондо өздөштүрүү 100 %ды түзгөн.

Оорулуулардын жеңилдетилген категориясын дары-дармек менен камсыздоого пландалган каражаттардын өздөштүрүлүшү 100%ды түзүп 40,4 млн сомго каржыланган,

**Аныкталды жана Корутунду**

ММК фондунун Ош аймактык башкармалыгы “Ош-Кардио медициналык борбору” ЖЧКсы 2022-жылдын 27-декабрында № 1 адистештирилген стационардык медициналык жардам көрсөтүүгө келишим түзүшкөн. Стационардык медициналык жардам көрсөтүү үчүн акы төлөө дарыланган учурлардын макулдашылган санына түзүлөт, түзүлгөн келишимдин негизинде камсыздоочуга төлөм аталган Келишимдин 4-пунктунда көрсөтүлгөн баштапкы медициналык-санитардык жардамдын түрлөрүн көрсөткөндүгү үчүн ММК фонду 2023-жылы иш жүзүндө 7227,7 миң сомго каржылаган.

Келишимдин 4-бөлүмүнүн 10-пунктун бузуу менен белгиленген милдеттенмелер, “Ош-Кардио” ЖЧКсынын негизги каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттору, бухгалтердик балансы ММК фондунун Ош аймактык башкармалыгына тапшырылбай, ММК фондунун Ош аймактык башкармалыгы тарабынан көзөмөлдөнгөн эмес.

**Сунуштама:**

“Ош-Кардио медициналык борбору” ЖЧКсы каржыланган каражаттарды максаттуу пайдаланылышы көзөмөлгө алынсын жана түзүлгөн келишимдин талаптары аткарылсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Отчеттук маалыматтар боюнча 2024-жылдын 1-январына карата ММК фондунун топтоо эсебиндеги жана саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыгы 1 198,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

– ММК фондунун топтоо эсебинде – 429,7 млн сом, анын ичинен 391,8 млн сом – ММК фондунун жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчасы (камсыздандыруу запасы), Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинен алынган милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары 12,3 млн сом суммасында, максаттуу иш-чараларга мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери тарабынан республикалык бюджеттен алынган каражаттар 10,8 млн сом суммасында, ММК фондунун башка кирешелери 14,8 млн сом;

– саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептериндеги каражаттардын калдыгы 768,4 млн сомду түздү, анын ичинен атайын каражаттар – 92,6 млн сом, кошумча төлөө каражаттары – 46,6 млн сом жана ММК фондунун бюджетинин каражаттары – 629,2 млн сом.

Республикалык бюджеттин жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун каражаттары боюнча бюджеттик мыйзамдарга киргизилүүчү тактоолордун кечиктирилишинен жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан кеч каржылоонун натыйжасында саламаттык сактоо уюмдарынын атайын эсептеринде жылдын аягына каражаттар өздөштүрүлбөй калган.

**Сунуштама**

1. “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине

караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2023-жылга бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, ММК фондуна берилген республикалык бюджеттин каражаттарынын пайдаланылбай калган 10,8 млн сом калдыктары республикалык бюджеттин кирешесине которулсун.

2. Саламаттык сактоо уюмдарын каржылоодо бюджеттик каражаттардын муктаждыгына талдоо жүргүзүү менен каржыланып, тийиштүү чаралар колдонулсун жана каражаттарды сарамжалдуу колдонулушуна көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан ММК фондунун бюджетине чегерүүлөр**

**Аныкталды жана Корутунду**

Социалдык фонддун Милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары боюнча карызы 01.01.2022-жылга карата 20,5 млн сом, 01.01.2023-жылга 211,1 млн сомду түзгөн. Аталган карыздар, Социалдык фонддун коммерциялык эсептеринде 20,5 млн сом 1 жыл 6 ай, 211,1 млн сом өз ара салыштыруу актыларынын негизинде таанылгандан кийин 2023-жылдын 14-декабрында 11 айдан ашык убакытта которулган.

2023-жылы камсыздандыруу төгүмдөрүн иш жүзүндө жыйноо 4 689,2 млн сомду түзүп ММК фондуна 4 842,2 млн сом которулган.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун административдик чыгымдары 3,0 % өлчөмүндө 140,7 млн сомду түзгөн.

01.01.2024-жылга түзүлгөн өз ара салыштыруу актысы боюнча Социалдык фондунун милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттары боюнча карызы 58,1 млн сом.

Аудит жыйынтыкталган мезгилге, Социалдык фонду тарабынан (2024-жылдын 15-июлунда №02-2\1919 кат) милдеттүү медициналык камсыздандырууга каражаттар 58,1 млн сом, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга бюджети жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгили жөнүндө” Мыйзамын бекитүүдө кредитордук карыз катары каралбагандыгын жана аталган кредитордук карыз "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга бюджети жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна киргизилгенден кийин которулаарын билдирген.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун каражаттары боюнча бюджеттик мыйзамдарга киргизилүүчү тактоолордун кечиктирилишинен, Социалдык фонду тарабынан кеч каржылоонун натыйжасында саламаттык сактоо уюмдарынын эсептеринде 2023-жылдын аягына өздөштүрүлбөгөн жана пайдаланылбаган каражаттар, жогоруда белгилегендей 1 198,1 млн сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна:**

“Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жылга бюджети жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгили жөнүндө” Мыйзамына милдеттүү медициналык камсыздандырууга каражаттар кредитордук карыз катары 58,1 млн сомго өзгөртүүлөр киргизилип, ММК каражаттарынын өз убагында жана толук которулушу камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун милдеттүү медициналык камсыздандырууга каражаттар боюнча бюджеттик мыйзамдарга киргизилүүчү өзгөртүүлөрдүн кечиктирилишинен, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан 2021-жылга 20,5 млн сом, 2022-жылга 211,0 млн. сом жана 2023-жылга 58,1 млн сом өлчөмүндөгү каражаттар которулбай пайдалангандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун тиешелүү кызматкерлерин жоопкерчиликке тартууну кароону жана ММК каражаттарынын өз убагында жана толук которулушун көзөмөлдөөнү.

**ММК фонду** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун каражаттары боюнча бюджеттик мыйзамдарга киргизилүүчү тактоолордун кечиктирилишинен Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан кеч каржылоолор: 2021-жылга 20,5 млн сом, 2022-жылга 211,0 млн. сом жана 2023-жылга 58,1 млн сом, ММК фонду тарабынан талдансын.

**Эмгек акы фонду**

ММК фондунун консолидацияланган эмгек акы беренесине чыгашалар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-февралындагы № 74 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ММК фондунун мамлекеттик кызматчыларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” (КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-майындагы № 254 токтомуна ылайык күчүн жоготкон), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы № 263 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун мамлекеттик кызматчылар категориясына кирбеген кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдору, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2011-жылдын 8-июлундагы № 354 “Эмгек акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө”, 2022-жылдын 11-апрелиндеги № 437 “Эмгекке акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө” (2023-жылдын 10-ноябрындагы № 1325 буйругунун негизинде күчүн жоготту) буйруктары жана башка ченемдик укуктук актылары менен ылайык түзүлгөн жана бекитилген.

“Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо уюмдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык ишканалары башкаруучулук жана финансылык өз алдынчалыкка ээ жана Бирдиктүү төлөөчү системасында келишимдик негизде иштешет.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2019-жылдын 1-февралындагы № 33 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун баштапкы системасындагы медициналык жана медициналык эмес персоналдын штаттык нормативдерин бекитүү жөнүндө” буйругу, ошондой эле, 2011-жылдын 8-июлундагы № 354 жана 2022-жылдын 11-апрелиндеги № 437 буйруктары менен Медициналык жана медициналык эмес персоналдын штаттык нормативдери, ошондой эле саламаттыкты сактоо кызматкерлерине эмгек акы төлөө методикасы бекитилген.

**Аныкталды жана Корутунду**

149 каржылануучу саламаттык сактоо уюмдарында бардыгы 75 291,75 штаттык бирдик бекитилген, анын ичинен: олуттуу саны Бишкек шаарында – 20 252 штаттык бирдик (жалпы штаттын 26,9 %), Ош областында – 18 542,0 штаттык бирдик (24,62 %), Жалал-Абад областында – 12 289,0 штаттык бирдик (16,32 %) ж.б.

Кыргыз Республикасы боюнча бардыгы 68 490,50 штаттык бирдик иштейт, бул штаттык бирдиктердин бекитилген санынын 90,97%ын түзөт же 6 801,25 (75 291,75 - 68 490,50) бош орундар бар. Ошол эле учурда, бош турган бирдиктердин эң олуттуу саны Бишкек шаарында катталган – 3285,5 бирдик же Бишкек шаарында бекитилген бирдиктердин жалпы санынан 16,2 %, Ош областында – 1 560 бош бирдик (8,4%), Чүй областында – 1152,25 бирдик (13,5 %). Башка аймактарда дээрлик бардык штаттык бирдиктер ээленген.

Ошону менен бирге, республика боюнча саламаттыкты сактоо уюмдарында иштеген адамдардын саны 58 724,0 адамды түздү, бул бекитилген штаттардан 16 567,75 штаттык бирдикке аз (бекитилген штаттардын 77,99%) же **75 291,75** бирдикти күтүүгө бөлүнгөн каражаттар 58 724 иштеген медицина кызматкерлерине бөлүнөт. Же болбосо 58 724 адам 75291,75 штаттык бирдиктин ишин аткарат же орточо эсеп менен ар бир адам орточо 1,28 штаттык бирдикти жана 1,28 бекитилген штаттык бирдикти ээлейт. Ошол эле учурда, аудит саламаттык сактоо уюмдарында физикалык жактан ээлеген штаттык бирдиктердин бекитилген штаттык кызматкерлерге катышы ар кандай экендигин белгилейт.

| **Штаттар** | Бекитилген штаттар | Ээлеген штаттар | Четтелген штаттар/% (гр.3-гр.2) | | Физикалык жактан иштеген | Четтелген штаттар/% (гр.2-гр.5) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | | 5 | 6 | |
| АБП | 3 015,00 | 2 730,75 | 284,25 | 9,4% | 2 213 | 802,00 | 26,6% |
| Дарыгерлер | 15 572,75 | 13 233,75 | 2 339,00 | 15,0% | 11 406 | 4 166,75 | 26,8% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Орто мед. персонал | 32 435,50 | 30 077,25 | 2 358,25 | 7,3% | 26 429 | 6 006,50 | 18,5% |
| Кенже мед. персонал | 15 266,25 | 14 372,25 | 894,00 | 5,9% | 12 187 | 3 079,25 | 20,2% |
| Башка персоналдар | 9 002,25 | 8 076,50 | 925,75 | 10,3% | 6 489 | 2 513,25 | 27,9% |
| **Жалпы** | **75 291,75** | **68 490,50** | **6 801,25** | **9,6%** | **58 724** | **16 567,75** | **24,0%** |
| Бишкек шаары | 20 252,50 | 16 967,00 | 3 285,50 | 16,2% | 13 903 | 6 349,50 | 31,4% |
| Чүй областы | 8 519,00 | 7 366,75 | 1 152,25 | 13,5% | 6 289 | 2 230,00 | 26,2% |
| Ош областы | 18 542,00 | 16 982,00 | 1 560,00 | 8,4% | 14 412 | 4 130,00 | 22,3% |
| Баткен областы | 5 111,75 | 5 111,75 | 0,00 | 0,0% | 5 149 | -37,25 | -0,7% |
| Жалал-Абад областы | 12 289,00 | 12 018,75 | 270,25 | 2,2% | 9 940 | 2 349,00 | 19,1% |
| Ыссык-Көл областы | 4 885,00 | 4 598,00 | 287,00 | 5,9% | 4 112 | 773,00 | 15,8% |
| Нарын областы | 2 952,00 | 2 888,50 | 63,50 | 2,2% | 2 739 | 213,00 | 7,2% |
| Талас областы | 2 740,50 | 2 557,75 | 182,75 | 6,7% | 2 180 | 560,50 | 20,5% |
| **Баары** | **75 291,75** | **68 490,50** | **6 801,25** | **6,9%** | **58 724** | **16 567,75** | **17,7%** |

Саламаттык сактоо уюмдарында ээлеген штат бирдиктери менен четтелген штат бирдиктери, Бишкек шаарында 68,6 % (-6349 штаттык бирдик), Ош областында 77,7 % (-4130 штаттык бирдик), Жалал-Абад областында 80,9 % (-2349 штаттык бирдик.), Чүй областында 73,8 % (2230,0 штаттык бирдик), Ысык-Көл областында 84,2 % (-773,0 штаттык бирдик), Талас областында 79,5 % (-560,5 штаттык бирдик), Нарын областында 92,8 % (-213,0 штаттык бирдик) түзөт.

2023-жылы медициналык жана башка кызматкерлердин бош орундары 16 567,75 штаттык бирдикти же бекитилген штаттык бирдиктин 22,0% түзгөн, бул эмгек акыга каралган каражаттарды жасалма үнөмдөөгө алып келген.

Саламаттык сактоо уюмдарында каражаттарды жасалма үнөмдөөгө жол бербөө үчүн бекитилген штаттар менен физикалык жактан ээлеген кызматкерлерине ылайык келүү маселелери кайра каралууну жана реформа жүргүзүүнү талап кылат.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому менен саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары, анын ичинде Эмгекке катышуу коэффициенти (мындан ары - ЭКК) - уюмдун ишинин жалпы натыйжаларына ар бир кызматкердин эмгектик салымын жалпыланган сапаттык жана сандык баалоо белгиленген.

Эмгек акы төлөө шарттарында каралган эмгекке катышуу коэффициентин төлөө, 2023-жылы саламаттык сактоо уюмдары консолидацияланган фонддун каражаттарын үнөмдөөнүн эсебинен кошумча

эмгек акы аркылуу жалпы суммасы 1 360,1 млн сом эсептелинген, анын ичинде 1 160,0 млн сом кошумча эмгек акыны жана Социалдык фондго чегерүүлөр 200,1 млн сомду түзгөн.

Мындан сырткары, саламаттык сактоо уюмдарында бош орундардын саны 16 567,75 штаттык бирдиктен ашык болгонуна карабастан, штаттан тышкары эмгек келишимдин негизинде кабыл алынган кызматкерлерге 7,6 млн сом эсептелинип кошумча чыгымга алып келген.

Бош орундардын болгону, саламаттык сактоо уюмдарында медициналык кызматкерлердин (дарыгерлердин жана медициналык айымдардын) жетишпегендигинин кесепетинен, бейтаптардын сапаттуу дарылануусуна терс таасирин тийгизүүдө жана саламаттык сактоо уюмдарына кайрылган бейтаптар дарыгерлерди узак кезектерде күтүп калышууда.

Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматына ылайык, 2022-2023-окуу жылы боюнча Жогорку медициналык окуу жайларын - 3079, орто кесиптик окуу жайларын 2392 бүтүрүүчүлөр болгонуна карабастан, 2023-жылы саламаттык сактоо уюмдарында медициналык, орто медициналык жана башка кызматкерлердин бош орундары сакталып келет.

2023-жылдын аягына 16 567,75 штаттык бирдиктин болушунун негизги себептери болуп, медициналык кызматкерлерди жумушка алуу тартиби боюнча бирдиктүү саясаттын жоктугу эсептелет. Мисалы, бош орундардын тизмеси же жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалыматтар, жумушка алуу тартиптери жарыяланбайт, төлөнө турган эмгек акылары боюнча толук маалымат берилбейт.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**:

1. Саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында штаттык кызмат орундарын, тарифтик тизмелерди, анын ичинде бош кызмат орундарын, медицина кызматкерлеринин иш жүзүндө функциялык милдеттерин аткарууда алардын жүгүн аныктоо менен штаттык бирдиктер кайра каралсын.

2. Калкка көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын сапатын жогорулатуу максатында кызматкерлерди штаттык бирдик менен толуктоо боюнча чечкиндүү чаралар көрүлсүн.

3. Саламаттык сактоо уюмдарына медициналык, орто медициналык жана башка кызматкерлерди жумушка кабыл алууда бирдиктүү саясат жүргүзүү боюнча атайын программалар;

- кадрлар резервин түзүү, жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча маалыматтарды жарыялоо жана медициналык окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн жумушка тартуу тартиптери кабыл алынсын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдору төлөө шарттарын анын ичинен кошумча эмгек акы - эмгекке катышуу коэффициенти боюнча төлөө тартиби кайра каралып чыксын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунда белгиленген эмгек акы төлөө шарттарын, анын ичинде кошумча эмгек акы - эмгекке катышуу коэффициенти боюнча төлөө тартибине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

Саламаттык сактоо уюмдарында бекитилген штаттык бирдиктер менен физикалык жактан ээлеген кызматкерлерине ылайык келүү маселелери, кайра каралуусун жана реформа жүргүзүлүшүн.

**Дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар менен камсыздалышы**

Отчеттук маалыматтарга ылайык, дары-дармектерге жана медициналык буюмдарга кассалык чыгашалар 2 618,3 млн сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 5 062,3 млн сомду түзгөн, же кассалык чыгымдарга караганда 2 444,0 млн сомго, гуманитардык жардамды эсепке алуу менен көп.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктун бузуу менен Саламаттык сактоо уюмдарында чыгашаларынын дары-дармектер жана медициналык буюмдар боюнча керектөөлөрдүн учурдагы чыгашалары бюджетинин милдеттенмелерине негизделген эсептөөлөрсүз түзүлгөн.

2023-жылдын аягына саламаттык сактоо уюмдары боюнча дарыкана кампаларында сактоо мөөнөтү бүткөн, колдонуу максатына жетпей керексиз **53 892,5** миң сомдук дары-дармектердин жана медициналык буюмдардын калдыгы аныкталган, анын ичинде: Ош шаардык клиникалык ооруканасы - 18 043,5 миң сом, Бишкек шаарынын №5 Үй-бүлөөлүк дарыгерлер борбору - 13 712,5 миң сом (утилдештирилген), Бишкек шаардык №10 Үй-бүлөөлүк медицина борбору- 6 441,6 миң сом (утилдештирилген), Москва райондук ЖДПБ - 2 665,9 миң сом, Бишкек шаарынын Темир жол бейтапканасы - 2418,5 миң сом, Араван райондук ЖДПБ -1942,9 миң сом, Ыссык-Көл райондук ЖДПБ- 1897,6 миң сом, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы - 1628,1 миң сом, Улуттук госпиталы - 1030,8 миң сом, Сузак райондук аймактык ооруканасы-135,0 миң сом, Токтогул райондук ЖДПБ - 1 336,8 миң сом, Алай райондук ЖДПБ - 468,7 миң сом, №2 Төрөт үйү- 54,7 миң сом, Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту - 375,5 миң сом, Бишкек шаардык №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы - 449,2 миң сом, Сузак райондук ЖДПБ-130,1 миң сом, Токтогул райондук Ч.Орозов атындагы ЖДПБ -20,7 миң сом, Майлуу-Суу шаардык ЖДПБ -16,1 миң сом, Ат-Башы райондук ЖДПБ -39,3 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБ - 47,3 миң сом, Түп райондук ЖДПБ-111,7 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы-734,9 миң сом, Кемин шаарынын кургак учук менен

ооругандарга паллиативдик жардам көрсөтүү боюнча ооруканасы – 191,1 миң сом.

**Сунуштама:**

1. Саламаттык сактоо уюмдарында дары-дармектер жана медициналык буюмдар боюнча керектөөлөр негизделген эсептөөлөр менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык түзүлсүн жана бюджеттик каражаттардын эсебинен жана башка булактардан алынган дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды сарамжалдуу пайдаланууну пландаштыруу камсыздалсын.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарына бюджеттик каражатты каржылоодо, бюджеттик каражаттардын керектөөлөрүнө талдоо жүргүзүү менен каржыланып, дары-дармектер жана медициналык багыттагы буюмдардын мөөнөтү өтүү себептери талданып, тиешелүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине**

Саламаттык сактоо уюмдарында бюджеттик каражаттардын жоготуусуна алып келген, дары-дармек каражаттарын негизделген эсептөөлөрсүз каржыланышына жол берген кызматкерлердин жоопкерчилигин кароону.

**Аудиттин жыйынтыгында төмөндөгү каржылык тартип бузуулар, бюджеттин резервдери жана жоготуулары, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталды:**

**Аныкталды жана Корутунду**

**- каржылык тартип бузуулар -160 121,9 миң сом, анын ичинен: 60 755,2 миң сом ордуна коюлууга тийиш, 40 104,4 миң сом ордуна коюлган, калдыгы 20 652,1 миң сом,** анын ичинен:

"Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун “Бухгалтердик эсепке карата негизги талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пункту бузулуп, инвентаризациялоонун жыйынтыгында бухгалтердик эсеп боюнча:

**-акча каржаттарынын жетишпестиги -16,0 миң** сом, аудит учурунда толугу менен ордуна коюлган, анын ичинен: Суусамыр ЖДПБ -0,6 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБ – 2,4 миң сом, Нариман аймактык ооруканасында -2,2 миң сом, Ош областтык психиатрия жана наркология борборунда -10,8 миң сом.

- **товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги -294,8 миң сом,** аудит учурунда 269,7 миң сом ордуна коюлду, калдыгы 25,1 миң сом.

- Улуттук госпиталында - 11,6 миң сом, 1,7 миң сом ордуна коюлган, калдыгы 9,9 миң сом,

- Ош шаардык медициналык тез жардам берүү станциясында -1,8 миң сом, ордуна коюлган 0,8 миң сом, калдыгы 1,0 миң сом.

-Улуттук фтизиатрия борбору -7,5 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору-1,1 миң сом, Темир жол бейтапканасы- 3,8 миң сом, Бишкек шаардык №2 ҮБМБ -1,8 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ-4,8 миң сом, Чүй райондук ЖДПБ -1,8 миң сом, Жайыл районунун Суусамыр ЖДПБ - 3,2 миң сом, Арашан ЖДПБ -13,0 миң сом, Жайыл райондук аймактык ооруканасы-3,1 миң сом, Кемиң шаарынын кургак учук менен ооругандарга паллиативдик жардам көрсөтүү боюнча республикалык ооруканасы -2,2 миң сом, Ысык-Көл райондук ЖДПБ-3,1 миң сом, Ысык-Көл областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -2,5 миң сом, Жети-Өгүз чоңдор үчүн республикалык дарылоо-реабилитациялык борбору -1,6 миң сом, Баткен областтык ҮБМБ-4,5 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБ -30,5 миң сом, Лейлек райондук ЖДПБ -2,3 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБ -4,7 миң сом, Самаркандек айылындагы ЖДПБ -9,2 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБ -19,0 миң сом, Айдаркен шаардык ЖДПБ -3,8миң сом, Лейлек районунун Кулунду айылындагы ЖДПБ -3,4 миң сом, ордуна коюлган. Сүлүктү шаардык ЖДПБ -4,9 миң сом, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы-4,5 миң сом, Ч.Мамбетов атындагы Талас областтык биргелешкен ооруканасы -1,2 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ -16,8 миң сом, Ноокен райондук ЖДПБ -8,9 миң сом, Кочкор-Ата шаардык ЖДПБ -16,4 миң сом, Сузак районунун Октябрь ЖДПБ -10,1миң сом, Токтогул райондук ЖДПБ -2,9 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБ -8,7 миң сом, Шамалды-Сай шаарчасынын ЖДПБ -4,2 миң сом, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы -1,3 миң сом, Р.Т. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -1,4 миң сом, Кара-Суу райондук ҮБМБ -8,2 миң сом, Ноокат райондук ҮБМБ - 3,7 миң сом, Алай райондук ЖДПБ -10,0 миң сом, Өзгөн райондук ЖДПБ -14,0 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы -15,6 миң сом, Ош облустук кургак учукка каршы күрөшүү борбору- 6,6 миң сом, бардыгы ордуна коюлган.

- Ош шаардык №1 тиш дарылоо бейтапканасы -1,1 миң сом, Балыкчы шаардык ЖДПБ -5,0 миң сом, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ -8,2 миң сом, бардыгы ордун коюлган эмес.

- **Товардык-материалдык баалуктардын ашыкча чыгуулары 257,0 миң сомду түзгөн,** анын ичинен Ош шаардык №1 тиш дарылоо бейтапканасы-114,5 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы -79,3 миң сом, Ош облустук кургак учукка каршы күрөшүү борбору -42,0 миң сом, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы -21,2 миң сом.

**Сунуштама**:

Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө "Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун “Бухгалтердик эсепке карата негизги талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктунун аткарылышы камсыздалсын жана аталган Жобонун 3-главасынын 5-параграфынын 32-пунктуна ылайык, 25,1 миң сом жетишпестиктерди жана 257,0 миң сом ашыкча чыгууларды ордуна коюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, анын ичинен жетишпестиктер: Улуттук госпиталы - 9,9 миң сом, Балыкчы шаардык ЖДПБ -5,0 миң сом, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ -8,2 миң сом, Ош шаардык медициналык тез жардам берүү станциясы- 1,0 миң сом жана Ош шаардык №1 тиш дарылоо бейтапканасы - 1,0 миң сом, ашыкча чыгуулар: Ош шаардык №1 тиш дарылоо бейтапканасы- 114,5 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы -79,3 миң сом, Ош областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -42,0 миң сом, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы -21,2 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

**- Каражаттарды чыгымдоодогу бузуулар жана кемчиликтер, анын ичинде эмгек акыга төлөмдөр бөлүгүндө 89 956,9 миң сом аныкталган,** ордуна коюлууга тийиш 67,4 миң сом, аудит учурунда 54,9 миң сом ордуна коюлган, калдыгы 12,5 миң сом, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү” токтомун бузуу менен: жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, жумуш ордун аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбастан, эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөстөн, өзгөчө иштердин эмгек шарттары, оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жумуштардын жылдык Тизмеги жок, иш орундарын аттестациялоодон өткөндөн кийин жетекчиликтин буйругусуз жана санитардык-эпидемиялогиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын протоколдору жок, о.э. компьютерде иштегендиги үчүн каражаттар негизсиз чыгымдалган. анын ичинде: Эне жана баланы коргоо улуттук борбору – 31,9 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору – 16 294,5 миң сом, Академик М. Мирахимов атындагы кардиология жана терапия улуттук борбору- 6,7 миң сом, Улуттук госпиталы- 39 444,4 миң сом, Улуттук хирургия борбору – 10,8 миң сом, Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту – 2 099,0 миң сом, Бишкек шаардык перинаталдык борбору – 12,3 миң сом, Бишкек шаардык

кургак учукка каршы ооруканасы- 4 002,8 миң сом, Бишкек шаарындагы №3 ҮБМБ-1 379,1 миң сом, №7 ҮБМБ -9,3 миң сом, №8 ҮБМБ -1 578,0 миң сом, №10 ҮБМБ -648,8 миң сом, ММК фондунун Чүй аймактык башкармалыгы - 39,7 миң сом, Чүй областтык ҮБМБ - 2181,9 миң сом, Ысык-Ата райондук ЖДПБ- 11 530,5 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ- 255,0 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ -435,8 миң сом, Чүй райондук ЖДПБ -196,6 миң сом, Панфилов райондук ЖДПБ -137,7 миң сом, Кемин шаарынын кургак учук менен ооругандарга паллиативдик жардам көрсөтүү боюнча республикалык ооруканасы -48,6 миң сом, Ак-Суу райондук ЖДПБ -4 705,5 миң сом, Түп райондук ЖДПБ -175,2 миң сом, Балыкчы шаардык ЖДПБ -125,9 миң сом, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ -329,6 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы - 43,6 миң сом, Лейлек райондук ЖДПБ -92,9 миң сом, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы ЖДПБ- 528,7миң сом, Баткен областтык биргелешкен ооруканасы - 202,2 миң сом, Жалал-Абад областтык ҮБМБ - 93,2 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ -192,1 миң сом, Ноокен районунун Кочкор-Ата шаардык ЖДПБ -18,8 миң сом, ордуна коюлган, Республикалык психиатриялык ооруканасы -2 661,7 миң сом, Ноокат райондук ҮБМБ - 23,1миң сом, Чон-Алай райондук А. Молдоболотов атындагы ЖДПБ -36,1 миң сом, ордуна коюлган, Ош шаардык №1 тиш дарылоо бейтапканасы -2,5 миң сом, ордуна коюлууга тийиш-1,9 миң сом, Ош шаардык клиникалык ооруканасы 269,9 миң сом, Ош областтык психиатрия жана наркология борбору - 134,2 миң сом, ордуна коюлууга тийиш - 10,6 миң сом, Ош областтар аралык балдардын жана өспүрүмдөрдүн кургак учукка каршы ооруканасы -18,0 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү” токтомунун талаптары аткарылсын, Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо уюмдарында эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөөдө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптары сакталсын жана 12,5 миң сомдук эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөөдө негизсиз чыгымдоолор ММК Фондунун бюджетине которулсун, анын ичинен: Ош шаардык №1 тиш дарылоо бейтапканасы -1,9 миң сом, Ош облустук психиатрия жана наркология борбору 10,6 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегине” (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна ылайык

өзгөртүү киргизилгендигин эсепке албастан талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

**- 168 581,5 миң сомдук эмгек акыны төлөө тартибин бузуулар аныкталган,** анын ичинен **563,1 миң сом** ордуна коюлууга тийиш:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобонун 7, 30-пункттарынын талаптары аткарылбастан, эмгек акы ашыкча төлөнгөн, анын ичинде: медицина кызматкерлеринин категория мөөнөттөрү бүткөн, окладдарды туура эмес жана ченемдик актылар менен белгиленген нормадан ашыкча иш жүктөмдөрү, иштеген жылдары үчүн үстөк төлөмдөр белгиленген жалпы 139 220,5 миң сомго аныкталган төмөндөгү мекемелерде:

-Эне жана баланы коргоо улуттук борбору -112,4 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору-24 036,3 миң сом, Академик М. Миррахимов атындагы кардиология жана терапия Улуттук борбору - 302,6 миң сом, Улуттук госпиталы -21 254,4 миң сом, Улуттук фтизиатрия борбору - 873,6 миң сом, Бишкек шаардык №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы -96,4 миң сом, Бишкек шаарынын №2 клиникалык төрөт үйү -1 538,3 миң сом, 563,1 миң сом ордуна коюлууга тийиш. Бишкек шаардык кургак учукка каршы ооруканасы-155,0 миң сом, Кургак учукка каршы күрөшүү шаардык борбору - 67,3 миң сом, Бишкек шаардык №2 ҮБМБ- 41,0 миң сом, Жайыл райондук ҮБМБ -2 896,5 миң сом, Ысык-Ата ЖДПБ -13 380,8 миң сом, Кемин райондук ЖДПБ -4 850,5 миң сом, Москва райондук ЖДПБ -948,0 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБ -1 525,7 миң сом, Чүй областынын бириккен ооруканасында -135,9 миң сом, Кара-Балта шаардык республикалык кургак учукка каршы ооруканасы -366,9 миң сом, Ысык-Көл областтык ҮБМБ -223,3 миң сом, Ысык-Көл райондук ЖДПБ -1 212,4 миң сом, Жети-Өгүз райондук ЖДПБ-452,0 миң сом, Ананьево айылындагы ЖДПБ -960,5 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасында -1 080,7 миң сом, Баткен областтык үй-бүлөлүк медицина борборунда -3 696,2 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБ -4 201,1миң сом, Лейлек райондук ЖДПБ - 2 600,0 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБ -8 454,1 миң сом, Самаркандек айылындагы ЖДПБ -1435,5 миң сом, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылындагы ЖДПБ -1252,4 миң сом, Баткен областтык Айдаркен ш. ЖДПБ -805,8 миң сом, Лейлек райондук Кулунду айылындагы ЖДПБ -4129,7 миң сом, Сүлүктү шаардык ЖДПБ -361,0 миң сом, Баткен областтык бириккен ооруканасы- 4 850,6 миң сом, Талас областтык ҮБМБ -190,1 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБ -757,9 миң сом, Манас райондук ЖДПБ-56,7 миң сом, Ак-Талаа райондук ЖДПБ -790,2 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБ -440,5 миң сом, Нарын областтык бириккен ооруканасында -217,0 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ -1 761,5 миң сом, Ала-Бука райондор аралык ЖДПБ -406,1 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБ 49,5 миң сом, Ноокен райондук ЖДПБ -91,3 миң сом, Токтогул райондук

ЖДПБ -577,2 миң сом, Таш-Көмүр шаардык ЖДПБ -248,0 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБ -404,7 миң сом, Кара-Көл шаардык Б.Рысбеков атындагы ЖДПБ -287,0 миң сом, Көк-Жаңгак шаардык ЖДПБ -217,9 миң сом, Майлуу-Суу шаардык ЖДПБ -158,3 миң сом, Шамалды-Сай шаарчасынын ЖДПБ - 8,7 миң сом, Жалал-Абад областтык психикалык саламаттык сактоо борбору-79,2 миң сом, Алай райондук ЖДПБ 106,5 миң сом, Араван райондук ЖДПБ-211,7 миң сом, Кара-Кулжа райондук М. Жунусов атындагы ЖДПБ -138,7 миң сом, Кара-Суу райондук ЖДПБ -349,4 миң сом, Өзгөн райондук ЖДПБ- 257,9 миң сом, Ноокат райондук ЖДПБ-17 976,2 миң сом, Мырза-Аке ЖДПБ - 246,2 миң сом, Чон-Алай райондук А. Молдоболотов атындагы ЖДПБ -261,6 миң сом, Ош шаардык №2 тиш дарылоо бейтапканасы-233,8 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы-146,2 миң сом, Ош шаардык клиникалык ооруканасы-1 443,7 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы-107,7 миң сом, Кара-Суу райондук кургак учукка каршы күрөшүү ооруканасы-43,6 миң сом, Ош областтар аралык балдардын жана өспүрүмдөрдүн кургак учукка каршы ооруканасы - 1 506,4 миң сом, Ош областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы-304,9 миң сом, Ош шаардык медициналык тез жардам берүү станциясы-283,2 миң сом.

**Сунуштама**

Саламаттыкты сактоо уюмдарында эмгек акы жана кошумча төлөмдөрдү төлөөдө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптары сакталсын жана Бишкек шаарынын №2 клиникалык төрөт үйүндө эмгек акыга ашыкча 563,1 миң сом каржыланышын талдоону жана 2024-жылы каржылоодо эске алууну.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдун талаптарын бузуу менен эмгек акы төлөөлөр 184,7 миң сомго аныкталган, анын ичинен: -Бишкек шаардык №7 үй-бүлөөлүк медицина борбору - 9,5 миң сом, Түп райондук ЖДПБ – 175,2 миң сом.

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 95 - беренесине негиз ар күндүк иштин узактыгы, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында башкача каралбаса жумуш убактысын кыскартуу белгиленген оор иштерде, эмгектин зыяндуу же коркунучтуу шарттарында иштеген кызматкерлер үчүн ар күндүк иштин жол берилүүчү жогорку узактыгы 36 сааттык иш жумасында - 6 сааттан ашпоого тийиш деп белгиленген, 2023-жылы дарыгерлердин түнкү нөөмөттө белгиленген ченемден ашыкча сааттарда иштегендери үчүн **29 173,3 миң сом** төлөнгөн, анын ичинде: Бишкек шаардык кургак учукка каршы ооруканасы - 155,0 миң сом, Улуттук госпиталы -24 658,4 миң сом, Аксы райондук ЖДПБ - 1711,6 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБ -383,2 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБ - 440,5 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы - 1080,7 миң сом, Москва

райондук ЖДПБ -277,3 миң сом, Ысык-Ата райондук ЖДПБ - 99,7 миң сом, Республикалык кургак учукка каршы ооруканасы-366,9 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 "Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомдун талаптарын аткарылышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: -Бишкек шаардык №7 ҮБМБ , Түп райондук ЖДПБ.

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 95-беренесине негиз ар күндүк иштин узактыгы, дарыгерлердин түнкү нөөмөттө иштегендиги үчүн белгиленген ченемдердин сакталышы камсыздалсын, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек шаардык кургак учукка каршы ооруканасы, Улуттук госпиталы, Аксы райондук ЖДПБ, Бакай-Ата райондук ЖДПБ, Кочкор райондук ЖДПБ, Ыссык-Көл областтык бириккен ооруканасы, Москва райондук ЖДПБ, Ысык-Ата райондук ЖДПБ, Республикалык кургак учукка каршы ооруканасы.

**Аныкталды жана Корутунду**

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11- июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 5-пунктун бузуу менен тастыктоочу документтерисиз негизги каражаттар жана ТМБ 80,0 миң сомго чыгымдалган, анын ичинде: Улуттук онкология жана гематология борбору -14,2 миң сом, Бишкек шаардык №9 ҮБМБ - 1,5 миң сом, Ноокен районунун Кочкор-Ата шаардык ЖДПБ -23,8 миң сом, жана Мырза-Аке ЖДПБ - 40,5 миң сом ( аудит учурунда ордуна коюлган 23,8 миң сом жана 40,5 миң сом).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 5-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

Күнөөлүү адамдардын эсебинен негизсиз эсептен чыгарылган негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын наркы калыбына келтирилсин: анын ичинен: Улуттук онкология жана гематология борбору -14,2 миң сом, Бишкек шаардык № 9 ҮБМБ -1,5 миң сом, жалпы 15,7 миң сом.

**Аныктама жана Корутунду**

